КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## 2023-жылдын 31-декабрына чейин ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө убактылуу тыюу салууну (мораторий) киргизүү жөнүндө

Ишкердик ишти мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндө ишкердикти, бизнести өнүктүрүүгө терс таасирин тийгизген жана калктын, инвесторлордун, анын ичинде чет өлкөлүк инвесторлордун ишкердик активдүүлүгүнүн деңгээлинин төмөндөшүнө шарт түзгөн проблемалар бар болууда.

Укук коргоо органдарынын, салык жана контролдоочу органдардын көп сандаган текшерүүлөрү жана ыйгарым укуктарынан аша чабуусу мындай проблемалардын бири бойдон калууда, аларга карата чакан, орто жана ири ишкердиктин өкүлдөрүнөн, анын ичинде коммерциялык банктардан көптөгөн даттануулар келип түшүүдө. Көбүнчө бул негизсиз, кайталоочу же такыр мыйзамсыз текшерүүлөр, акча жыйноо фактылары кездешет.

Жеке ишкердикти өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, инвестициялык климатты жакшыртуу, ишкердик субъекттеринин экономикалык ишине колдоо көрсөтүү, аларды укуктук жактан коргоону камсыз кылуу, ишкердик субъекттеринин ишине негизсиз кийлигишүүнүн алдын алуу, ишкердик субъекттерин текшерүүдө укук коргоо органдарынын жана контролдоочу органдардын жоопкерчилигин жогорулатуу жана ишинин ачыктыгын камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилге чакан, орто жана ири ишкердик субъекттерине, ошондой эле коммерциялык банктарга ишкердик субъекттерине

004107 *

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О введении временного запрета (моратория) на проведение проверок субъектов предпринимательства до 31 декабря 2023 года

В сфере государственного регулирования предпринимательской деятельности продолжают существовать проблемы, которые негативно отражаются на развитии предпринимательства, бизнеса и способствуют снижению уровня деловой активности населения, инвесторов, в том числе иностранных инвесторов.

Одними из таких проблем продолжают оставаться большое количество проверок и превышение полномочий со стороны правоохранительных органов, налоговых и контролирующих органов, на которые часто поступают жалобы от представителей малого, среднего и крупного предпринимательства, в том числе коммерческих банков. Чаще всего это необоснованные, дублирующие или вообще незаконные проверки, встречаются факты денежных поборов.

В целях создания благоприятных условий для развития частного предпринимательства, улучшения инвестиционного климата, оказания поддержки экономической деятельности субъектов предпринимательства, обеспечения их правовой защиты, предотвращения необоснованного вмешательства в деятельность субъектов предпринимательства, повышения ответственности и обеспечения открытости деятельности правоохранительных органов и контролирующих органов при проверке субъектов предпринимательства, в соответствии со статьями 66, 71 Конституции Кыргызской Республики **постановляю:**

1. Кабинету Министров Кыргызской Республики ввести временный запрет (мораторий) на проверки субъектов малого, среднего и крупного предпринимательства, а также коммерческих банков,

003930 *

текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар укук коргоо органдары жана ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөргө убактылуу тыюу салууну (мораторийди) киргизсин.

2. Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар укук коргоо органдарынын, ыйгарым укуктуу органдардын кызмат адамдарынын текшерүүлөрдү негизсиз дайындоосу, ошондой эле өздөрүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын өз пайдасы же башка жеке кызыкчылыгы үчүн пайдаланып жүргүзүлгөн, текшерилип жаткан субъекттердин укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына же болбосо мамлекеттик же коомдук кызыкчылыктарга олуттуу зыян келтирген текшерүүлөр кызматтык милдеттерди талаптагыдай эмес аткаргандык катары каралат жана кызмат адамдарын ээлеген кызмат ордунан бошотууга чейин тартиптик жоопкерчиликке тартууга алып келет деп белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгиленген тартипте:

– ушул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн, ошондой эле өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин;

– бизнес-ассоциациялар (макулдашуу боюнча), ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлери менен биргеликте мораторий киргизүү жана ишкердик субъекттерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактоо маселелери боюнча консультациялык жардам берүү жөнүндө бизнес-коомчулуктар үчүн кеңири маалыматтык өнөктүктү жүргүзсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгы эки жумалык мөөнөттө мамлекеттик органдардын Кыргыз Республикасынын Президентинин төмөнкү жарлыктарын аткаруусу жөнүндө маалыматты берсин:

– 2021-жылдын 29-январындагы № 3 «Менчикти коргоо жана ишкерлер менен инвесторлорду колдоо жөнүндө»;

– 2021-жылдын 4-мартындагы № 61 «Ишкердик субъекттерин коргоо боюнча кошумча чаралар жөнүндө».

5. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

6. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.Н. Жапаров**

КАНЦЕЛЯРИЯСЫ №1 КАНЦЕЛЯРИЯ

Бишкек ш.
2022-жылдын 21-ноябры
ПЖ № 380

проводимые правоохранительными органами и уполномоченными органами, имеющими право на проведение проверок субъектов предпринимательства, на период с 1 января 2023 года по 31 декабря 2023 года.

2. Установить, что необоснованное назначение проверок должностными лицами правоохранительных органов, уполномоченных органов, имеющих право на проведение проверок субъектов предпринимательства, а также проверки, совершенные с использованием своих служебных полномочий из корыстной или иной личной заинтересованности, повлекшие причинение существенного вреда правам и законным интересам проверяемых субъектов либо государственным или общественным интересам, рассматриваются как ненадлежащее исполнение служебных обязанностей и влекут привлечение должностных лиц к дисциплинарной ответственности, вплоть до освобождения от занимаемой должности.

3. Кабинету Министров Кыргызской Республики в установленном порядке:

– принять необходимые меры, вытекающие из настоящего Указа, а также привести свои решения в соответствие с настоящим Указом;

– совместно с бизнес-ассоциациями (по согласованию), уполномоченными органами, имеющими право на проведение проверок субъектов предпринимательства, главами местных государственных администраций, мэрами городов Бишкек и Ош провести широкую информационную кампанию для бизнес-сообществ о введении моратория и предоставлении консультативной помощи субъектам предпринимательства по вопросам соблюдения требований законодательства Кыргызской Республики.

4. Управлению контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики в двухнедельный срок представить информацию об исполнении государственными органами указов Президента Кыргызской Республики:

– «О защите собственности и поддержке предпринимателей и инвесторов» от 29 января 2021 года № 3;

– «О дополнительных мерах по защите субъектов предпринимательства» от 4 марта 2021 года № 61.

5. Контроль за исполнением настоящего Указа оставляю за собой.

6. Настоящий Указ вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**

КАНЦЕЛЯРИЯСЫ №1 КАНЦЕЛЯРИЯ

г. Бишкек
21 ноября 2022 года
УП № 380